2. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу:
   Технологиялык маданиятты педагогикалык ишмердүүлүккө интеграциялоо — башталгыч класстарда окутуунун сапатын жогорулатууга жана балдардын чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө өбөлгө болот.
3. Келечектеги мугалимдерди даярдоо:
   Технологиялык маданиятты калыптандыруу программалары мугалимдерди жаңы технологияларды өздөштүрүүгө жана аларды практикада колдонууга үйрөтүү аркылуу педагогикалык билим берүүнүн актуалдуулугун арттырат.

Жыйынтыктап айтканда: Технологиялык маданият заманбап педагогиканын негизги багыты болуп, билим берүү процессинин натыйжалуулугун жана окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүн камсыз кылууда чоң роль ойнойт. Бул түшүнүктү терең изилдөө жана педагогикалык практикада ишке ашыруу билим берүү системасында сапаттуу өзгөртүүлөрдү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Технологиялык маданиятты калыптандыруу - бул мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жаңы деңгээлге көтөрүүнүн негизги шарты.

Адабияттар:

1. Башкирова, И.Ю. (2004). Инновационные аспекты формирования профессиональной компетентности учителей. Москва: Наука.
2. Загвязинский, В. И. Педагогическое предвидение / В. И. Загвязинский — М.: Знание, 1987.
3. **В. Кларин:** *«Педагогическая технология в учебном процессе: Анализ зарубежного опыта»*, издано в **1989 году** в издательстве **«Знание»**, г. Москва
4. Максимова, Н.А. (2001). Современные подходы к формированию технологической культуры педагогов. Санкт-Петербург: Лань.
5. Манжеева, С.Н. (2003). Содержание технологической подготовки студентов-будущих учителей начальных классов. Москва: Издательство МГУ
6. Сластенин, В.А., Мищенко, В.А., Руденко, Н.Г. (1996). Технологическая культура учителя как компонент профессиональной подготовки. Москва: Просвещение.

**УДК 78: 372.878 https://doi.org/10.56122/..v2i2.243**

# МУЗЫКА – МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫН АКЫЛ-ЭС ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН АКТИВДЕШТИРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ
# МУЗЫКА-СРЕДСТВО АКТИВИЗАЦИИ УМСТВЕННЫХ СПОСОБНОСТЕЙ ДЕТЕЙ ДОШКОЛЬНОГО ВОЗРАСТА
# MUSIC-MEDIA ACTIVITY DEVELOPS PERSONAL SKILLS AT PRESCHOOL AGE

Мурзабаева Бусанталат Буркановна
Ош мамлекеттик педагогикалык университети

***Аннотация.*** *Бул макалада мектепке чейинки билим берүүдөгү музыка предметинин балдардын ар тараптан өнүгүүсүнө тийгизген таасири анализденди. Мазмуну боюнча улуттук, формалары боюнча көп түрдүү жана мүнөзү, ички дүйнөсү боюнча кыргыз музыкасы байлыгы, жекече стилдердин көптүгү менен айырмаланып турат. Ошондуктан анын балдарды тарбиялоочу таасири өтө зор. Кыргыз музыкасы улуттук өзгөчөлүктөргө өтө бай. Азыркы мезгилдеги кыргыз музыкасындагы бардык жакшынакай табылгалардын түпкү тамыры элдик чыгармачылык менен тыгыз байланышкан. Кыргыз музыкасынын жаны жана жүрөгү жайбаракат салмактуу толукшуган күү (мелодия) - эпикалуу токтоо, кандайдыр бир сыпайы, кээде оюнкарак жана турмуштук конкреттүүлүккө жык толгон.*

*Кыргыз музыкасынын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү менен балдар бакчасында тарбияланып жаткан балдарга улуттук музыканы, аспаптарды тааныштыруу, ойнотуу керек экендиги көрсөтүлдү. Балдардын музыканы өздөштүрүүдө эмнеге жөндөмдүү экендиги көрсөтүлдү.*

***Ачкыч сөздөр:** балдар бакчасы, билим берүү, музыка, чыгармачылык, акыл-эс, таанып билүү, музыка, үн, мугалим ж.б.*

***Аннотация.** В данной статье проанализировано влияние предмета музыки в дошкольном образовании на развитие детей во всех аспектах. Кыргызская музыка разнообразна по своему содержанию, национальным формам, а по характеру, внутреннему миру отличается богатством и индивидуальными стилями. Поэтому его воспитательное влияние на детей очень велико. Кыргызская музыка очень богата национальными особенностями. Корни всех хороших находок в современной кыргызской музыке тесно связаны с народным творчеством. Душой и сердцем кыргызской музыки является спокойная уравновешенная мелодия (мелодия) – эпическое спокойствие, в чем-то вежливая, иногда игривая и полная жизненной конкретности. Показывая особенности кыргызской музыки, было показано, что необходимо знакомить и играть на национальной музыке и инструментах детей, воспитывающихся в детском саду. Было показано, на что способны дети в освоении музыки.*

***Ключевые слова**: детский сад, образование, музыка, творчество, разум, познание, музыка, голос, учитель и др.*

***Abstract.** This article analyzes the impact of the subject of music in preschool education on the comprehensive development of children. In terms of content, it is diverse in terms of national forms and character, and in terms of its inner world, Kyrgyz music is distinguished by its richness and abundance of individual styles. Therefore, its educational impact on children is enormous. Kyrgyz music is very rich in national features. The roots of all the beautiful finds in modern Kyrgyz music are closely connected with folk creativity. The soul and heart of Kyrgyz music are a calm, balanced, full melody (melody) - an epic pause, a kind of gentle, sometimes playful and full of life concreteness. By showing the features of Kyrgyz music, it was shown that it is necessary to introduce and play national music and instruments to children being raised in kindergarten. It was shown what children are capable of in mastering music.*

***Keywords:** kindergarten, education, music, creativity, intelligence, cognition, music, voice, teacher, etc.*

Биз маалыматтык технологиялардын заманында жашап жатабыз, ал ар тараптуу өнүккөн, креативдүү ой жүгүрткөн, өз жөндөмүн жана күчүн коомдун жыргалчылыгына багыттай турган адамдарды талап кылат. Балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө музыканын таасири укмуштуудай зор. Мектепке чейинки курак чыгармачыл ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоонун мезгили десек болот. Окумуштуу илимпоздор музыканын ар тараптуу билим берүүнүн натыйжалуу каражаты экенин, музыка менен инсандын, атап айтканда баланын сапаты катары чыгармачылыкты калыптандырууга, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө болорун далилдеп келишет.

Мектепке чейинки курактагы балдарды ар тараптан: акыл- эс, таанып- билүүсүн өнүктүрүү, сүйлөө кебин өстүрүү, эстеп калуусун жакшыртуу абдан маанилүү. Анткени бул куракта пайдубал түптөлүп, кабыл алуусу бат болот. Бүгүнкү күндө педагогдордун жана психологдордун көңүлү музыканын балдардын өнүгүүсүнө тийгизген таасирине көбүрөөк бурулуп жатат. Интеллектуалдык жана эмоционалдык процесстердин пайдубалы түптөлүп, биринчи таанып-билүү жана социалдык көндүмдөр калыптанган кезде, мектепке чейинки куракта музыканы колдонуу өзгөчө мааниге ээ. Музыка – бул жөн гана ырахат тартуулоонун гана булагы эмес, баланын инсандыгынын ар түрдүү аспектилерин, анын ичинде ой жүгүртүүсүн, эс тутумун, көңүлүн, фантазиясын жана дүйнөнү чыгармачылык менен кабылдоосун өнүктүрүүнүн күчтүү куралы десек болот.

Искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле музыканын тарбиялык мааниси бар. Анда мектепке чейинки балдарды жаңы идеялар менен байыткан турмуштук кубулуштар

чагылдырылган. Чоң адам балага чыгармачылык милдеттерди койгондо, акыл-эс ишмердүүлүгүн талап кылган изденүү активдүүлүгү пайда болот. Мисалы, ырдап жатканда бала импровизация жасап, обонун өз вариантын жаратат, көркөм текст менен экспрессивдүү интонациялардын дал келүүсүн табууга аракет кылат. Музыкалык-ритмикалык иш-чараларда балдар бий кыймылдарын, ырдоону жана музыканын коштоосунда кыймылдарды чоң ырахат менен ойлоп табышат жана айкалыштырышат. Бий, элдик бий, пантомима балдарды жашоонун картинасын чагылдырууга, экспрессивдүү кыймылдарды, мимикаларды, сөздөрдү колдонуу менен каарманды мүнөздөөгө үндөйт. Бул учурда белгилүү бир ырааттуулук байкалат: балдар музыка угуп, теманы талкуулашат, ролдорду бөлүштүрүшөт, анан аракет кылышат. Ар бир этапта биз ойлонууга, кыялданууга жана жаратууга мажбурлаган жаңы милдеттер пайда болот. Маселен жылдын аягында беш жашында балдар жасай алышат:

- табигый үн менен күч келтирбей, созуп ырдай алышат;
- кыска музыкалык фразалардын ортосунда кыска дем ала алат;
- сөздөрдү түшүнүктүү айтат, ырды бирге баштап, бирге бүтүшөт;
- анча татаал эмес обондорду туура бере алат;
- биринчи октаванын ре-си чегинде ырдай алат;
- башкалардын үнүн угуп, үндү бийиктиги боюнча айырмалай алышат;
- инструменттин коштоосу менен жана ансыз ырдай алуу. [1,85]

Мектепке чейинки курактагы бала чыгармачылыкты оңой өздөштүрөт жана үйрөнөт:

- аракетке дайыма даярдыгы менен ал процесске дайыма кызыкдар: бала бир нерсе ойлоп табат, аракет кылат, издейт жана жасай турган бир нерсе табат, бир сөз менен айтканда - бир орунда отура албайт;
- жаңы сабак ой жүгүртүүчү, фантациялуу, оригиналдуу болушу керек;
- ырда, бийде, оюнда берилген музыкалык образдарды эмоционалдуу кабыл алышат.

Өнүгүүнүн алгачкы этаптарында музыка сенсордук жөндөмдөрүн жана таанып билүү жөндөмүн өркүндөтөт. Балдар чоңойгон сайын алардын музыка менен болгон мамилеси өнүгөт, эмоционалдык жана социалдык өнүгүүсүнө таасир этет.

Музыка мээнин күчтүү стимулятору болуп саналат, чыгармачыл ой жүгүртүүгө жана көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет. Балдар музыка менен алектенгенде, мейли угуу, бир аспапта ойноо, алар чыгармачылык менен алектенет. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, музыкалык билим берүү программаларына катышкан балдар чыгармачылык тапшырмаларды жакшы аткарышат. Хор, топтор жана музыкалык класстар сыяктуу топтук музыкалык иш-чаралар балдарга маанилүү социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул иш-чаралар кызматташууну, баарлашууну жана эмпатияны талап кылат, анткени балдар гармониялуу ролдорду, хорду, ырларды аткаруу үчүн чогуу иштеши керек. Бул өз ара аракеттенүү аркылуу балдар башкаларды угууга, ой бөлүшүүгө жана теңтуштарын колдоого үйрөнүшөт.[2,97]

Музыканы үйрөнүүнүн когнитивдик пайдасы, изилдөөлөр көрсөткөндөй, музыкалык билим менен алектенген балдардын эс тутуму жакшырып, математикалык жөндөмдөрү, тилинин өнүгүшү жакшырат. Мисалы, аспапта ойноо мээнин угуу, көрүү жана тийүү сыяктуу бир нече функцияларын бир убакта колдонууну талап кылат. Бул көп сенсордук тартуу нейрон байланыштарын өркүндөтүп, когнитивдик жөндөмдөрдүн жакшырышына алып келет.

Музыканын өтө зор тарбиялык функциясы жөнүндө адабияттын жана искусствонун көрүнүктүү ишмерлери, белгилүү педагогдор көп эле жолу жазышкан. К. Д. Ушинский искусствонун тарбиялык негизги мааниси - бул чыгармада чагылдыргандарга ар ким өз алдынча жекече мамиле жасап, аларды дароо түздөн-түз эмоциялуу кабыл алгандыгында экендигин көрсөтүп, жаңы чыгарманы балдар өздөрү түздөн-түз ачканда гана искусство кубанычтуу жана пайдалуу экендигин белгилеген. Музыканын адамга тийгизген эмоциялык таасири жөнүндө Д. Д. Шостакович «Музыканы билүү жана сүйүү керек» деген китебинин эпиграфында мындай деп эң сонун айткан: «музыка сезүүгө үйрөтөт, адамдын ич дүйнөсүн кеңейтет, аны мыкчып турган оор кайгыдан куткарат... Ал адамды асман-айга көкөлөтүп, анын

жакшы сапаттарын күчөтөт, ар-намысын арттырат, өз күчүнө жана талантына болгон ишенимин бекемдейт».[2,36]

Мазмуну боюнча улуттук формалары боюнча көп түрдүү жана мүнөзү, ички дүйнөсү боюнча кыргыз музыкасы байлыгы, жекече стилдердин көптүгү менен айырмаланып турат. Ошондуктан, анын балдарды тарбиялоочу таасири өтө зор. Кыргыз музыкасы улуттук өзгөчөлүктөргө өтө бай. Азыркы мезгилдеги кыргыз музыкасындагы бардык жакшынакай табылгалардын түпкү тамыры элдик чыгармачылык менен тыгыз байланышкан. Кыргыз музыкасынын жаны жана жүрөгү жайбаракат салмактуу толукшуган күү (мелодия) - эпикалуу токтоо, кандайдыр бир сыпайы, кээде оюнкарак жана турмуштук конкреттүүлүккө жык толгон. Адамды өзүнө тартып жана толкунданткан кыргыздын элдик күүлөрү жана ырлары эмгекчи элдин оюн жана тилегин, эркиндикке умтулуусун, эзүүчүлердү жана эл душмандарын жек көрүү сезимин, кыскасы, кыргыз элинин кылымдар бою тарыхын чагылдырып келген. Н. В. Гоголдун айтуусу боюнча: “Элдик ыр- бул элдин нукура турмушунун жандуу, ачык боёкторго бай тарыхы”.[4,77]

Ж. Шералиевдин, А. Тулеевдин, М. Абдраевдин, К. Молдобасановдун, Н. Давлесовдун, А. Малдыбаевдин жана башкалардын чыгармалары бирин-бири кайталабаган стилдери, мазмунунун тереңдиги менен угуучуларды таң калтырат. Кыргызстандын композиторлорунун музыкалык чыгармалары балдар бакчасындагы бөбөктөрдү эстетикалык жактан тарбиялоо маселелерин чечүүгө зор көмөк көрсөтө алат. Мисалы, А.Мадыбаевдин “Ой энеке” чыгармасы балдар үчүн кызыктуу:

Ой акылман,
Ой, акылман энеке!
Колуңда бар,
Колуңда бар береке.

Кечиктирбе,
Кечиктирбе тамактан,
Кечикпейин,
Кечикпейин сабактан! [5, 97]

“Балдар бакчасындагы тарбия иштеринин программасында” музыка бакчадагы музыкалык сабактарда гана эмес, үйдө да, балдар эс алып ойноп жаткан мезгилдерде да ойнолуп турушу талап кылынган. Бул жөнүндө Н.А. Ветлугина мындай деп жазат: «Көңүл ачуу иш чаралары ойлонуштурулуп, өз учурунда колдонулса, мектеп жашына чейинки балдарда адамдык оң сапаттарды ар тараптан өнүктүрүүдө педагогдун таасир этүүчү аракетин күчөтөт”. [3,23]

Мектеп жашына чейинки балдардын өз крайынын тарыхында болгон кызыгуулары өтө зор. Элдик музыкалык инструменттер менен балдарды тааныштыруу - бул байыркы тарыхый окуялар жөнүндө, чыныгы жана легендалуу укмуштай сонун саякаттар жөнүндө баяндоо болот. Кыргыз эли бөлөк элдердикинен айырмаланган, өзгөчө, музыкалык инструменттерди: кыяк, чоор, темир комуз жана башкаларды жаратты. Алардын ичинен добушу музыканын жалпы мүнөзүнө айкалышкан коңуру жана жумшак чыккан комуз элдик сүйүктүү инструмент болуп эсептелет. Мектеп жашына чейинки балдарды комуз менен тааныштыруучу көңүл ачуу иштеринин мазмунуна комуздун түзүлүшү, анын музыкалык добушунун өзгөчөлүгү жөнүндөгү маалыматтарды жана комузда ойнолгон музыканы (чоң комузчулардын аткаруусунда же грампластиналарды) угуу, сөзсүз киргизилет.

Музыкалык тарбиянын мазмуну жана милдеттери окутуунун методдорун тандоону жана методикалык ыкмаларды аныктайт. Музыкалык тарбиянын методдорун тандоо балдар билим алууда кандай булактарды пайдаланганына көз каранды болот:

• Албете, биринчи булак болуп музыка өзү эсептелет, анткени ал гана адамдагы «музыкалык» сезимди ойгото алат. Башында балдар менен иштөө, айрыкча, музыканы угуу

тажрыйбасынын топтолушуна жараша болот. Балдар канчалык жаш болсо, бул убакыт узагыраак болот.

• Билим алуунун экинчи булагы болуп, педагогдун сөзү эсептелинет, ал балдарды музыкалык образды толугу менен кабыл алууга жана конкреттүү музыкалык чыгармалардын мазмунун түшүнүүгө алып барат.

• Үчүнчү булак түздөн-түз балдардын өздөрүнүн музыкалык ишмердиги эсептелинет, анткени ансыз, көнүгүүлөрсүз болбойт, мисалы, ырдоодо. Ритмикада көндүмдөр жана билгичтиктер иштелип чыгат. Бир гана практикалык ишмердик баланын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн түрткү берет, коомдук көрүнүштөргө адекваттуу мамилени тарбиялайт, демилге көтөрүүгө, аң сезимдүү, активдүү болууга чакырат. хъ

Мектепке чейинки куррактагы балдарды музыкалык тарбиялоодо жана окутууда үч өз ара байланышкан иштин методдору:

- көрсөтмөлүү;
- сөз менен,
- практикалык ишмердик методу.

Ушундай мугалим балдар менен эмес, ата- энелердин салымы болушу керек. Ал үчүн ата- энелер үчүн бир канча сунуштарды айтсак болот. Анткени, мугалим менен ата- эне куштун эки канатындай чогуу кагуусу керек. Музыканы күнүмдүк иштерге киргизүү баланын өнүгүүсүнө туруктуу таасирин тийгизет:

-**Эрте баштаңыз:** балдарды жаш кезинен эле бешик ырларын ырдоо жана музыкалык оюндарды ойноо сыяктуу жөнөкөй иш-чаралар менен музыкага тартууланыз;

- **Музыкалык чөйрөнү түзүңүз:** Балдарды ар кандай жанрларга жана стилдерге тартуу үчүн үйүңүздү түрдүү музыка менен толтуруңуз;

-Балдарга музыкалык аспаптарда ойноо, ырдоо же музыкалык класска кошулуу сыяктуу музыка жасоого мүмкүнчүлүк бериңиз; Бүгүнкү шаардагы кээ бир ата- энелердин балдарын музыкалык мектептерге бергенин көрсөң көңүлүң жылыйт. Таланты бар баланы колдоо керек.

- Музыка баланын өнүгүүсүнө, чыгармачылыкка, социалдык көндүмдөрдүн жана билиминин өсүшүнө таасир этүүчү көптөгөн артыкчылыктарды сунуштайт. Музыканы балдардын жашоосуна киргизүү менен, ата-энелер жана педагогдор алардын өнүгүүсүнө көңүлдүү жана кызыктуу түрдө колдоо көрсөтө алышат. Музыканын баланын өнүгүүсүнө узак мөөнөттүү тийгизген таасири терең, бул ар тараптуу, чыгармачыл жана социалдык жактан жөндөмдүү инсандарды тарбиялоонун маанилүү куралы болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, музыка балдарга абстрактуу ой жүгүртүүнү жана негизги логиканы өнүктүрүүгө жардам берет. Музыка когнитивдик гана эмес, эмоционалдык процесстерге да күчтүү таасир этет. Музыкалык чыгармалар балдарда кубанычтан кайгыга чейин ар кандай сезимдерди ойготот, бул алардын сезимдерин түшүнүүгө жана билдирүүгө жардам берет. Бул өз кезегинде эмоционалдык интеллекттин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Музыка балдарга маданий билим берүүнүн маанилүү бөлүгү гана болбостон, алардын интеллектуалдык, эмоционалдык жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн кубаттуу куралы. Мектепке чейинки куракта музыка көңүл бурууну, эс тутумду, логикалык жана абстракттуу ой жүгүртүүнү активдештирүүгө жардам берет, ошондой эле социалдык жөндөмдөрдүн жана эмоционалдык интеллекттин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Балдарды окутууда жана тарбиялоодо музыканы колдонуу баланын инсандыгын ар тараптуу гармониялуу өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө жана аны келечекте ийгиликтүү жашоого даярдоого жардам берет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасы. – Б.: Аркус бас., 2017. – 352 б.
2. Н.А.Ветлугина, Методика музыкального воспитание в детском саду, М.: Просвещение, 1989.-270 ст.

3. Музыкальное воспитание в детском саду. Под. ред. Н. А. Батлутаной, м («Просвещение») 1976, с. 228.
4. Н. В. Гоголь. О литературе. Избранные статьи и письма. М., 1952,
5. Малдыбаев Б.М. Музыка: 6 жаштан окуган 1- класстын окуучулары үчүн музыка сабагынын методикалык иштелмеси жана христоматиясы: Мугалимдер үчүн колдонмо.- Ф.Мектеп, 1986 . -120 б.

**УДК 371.3:316.7:37.091.32**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ЭТНОМАДАНИЙ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНЫН ОРДУ

# РОЛЬ УРОКА ЛИТЕРАТУРЫ В ФОРМИРОВАНИИ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

# THE ROLE OF A LITERATURE LESSON IN THE FORMATION OF ETHNOCULTURAL COMPETENCE OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

Мурзаканова Гулшайыр Арыковна, ОшМПУ, окутуучу
gulshaiyr.82.kg@gmail.com

**Аннотация:**

Бул макалада башталгыч класстын окуучуларынын этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырууда адабий окуу сабагынын ролу талданган. Адабий окуу сабагы этномаданий баалуулуктарды үйрөтүүдө жана улуттук өзгөчөлүктөрдү сактоодо өзгөчө мааниге ээ экени баса белгиленет. Изилдөөдө окуучулардын этномаданий компетенциясын өнүктүрүүдө колдонулуучу методикалык ыкмалар, окутуунун мазмуну жана окутуу процессинде жергиликтүү маданий өзгөчөлүктөрдү камтуу маселелери каралат. Ошондой эле, макалада этномаданий компетенттүүлүк – окуучулардын өз элинин тарыхын, маданиятын жана каада-салтын терең түшүнүүсүнө, башка элдердин маданиятына урмат-сый мамиле жасоосуна өбөлгө түзөрү баяндалат. Жыйынтыгында, адабий окуу сабагы этномаданий компетенттүүлүктү калыптандырууда негизги куралдардын бири катары бааланат. Этномаданий компетенттүүлүк – бул инсандык жана коомдук өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири. Ал ар бир адамды өзүнүн маданий тамырларын түшүнүүгө жана башка маданияттарды сыйлоого тарбиялайт. Бул сапаттар адамды толук кандуу жаран, жоопкерчиликтүү инсан кылып калыптандырат жана дүйнөлүк коомчулуктун бир бөлүгү болууга шарт түзө тургандыгын айгинелейт.

**Негизги сөздөр:** этномаданий компетенттүүлүк, үй-бүлөлүк салт, материалдык маданият, элдик каада салт, фольклор, элдик кол өнөрчүлүк, ак бата, бешикке салуу.

**Аннотация:** В данной статье анализируется роль урока литературы в формировании этнокультурной компетентности учащихся младших классов. Подчеркивается, что урок литературы имеет особое значение в обучении этнокультурным ценностям и сохранении национальных особенностей. В исследовании рассматриваются методические методы, используемые в развитии этнокультурной компетентности студентов, содержание обучения и включение местных культурных особенностей в учебный процесс. Также в статье говорится, что этнокультурная компетентность способствует глубокому пониманию студентами истории, культуры и традиций своего народа, уважению к культуре других народов. В результате урок литературы оценивается как один из основных инструментов формирования этнокультурной компетентности. Этнокультурная компетентность является одним из основных факторов